«БЕКИТЕМИН»
Ош мамлекеттик университетинин
ректору, физика-математика
илимдеринин доктору, профессор
_______________К.Г.Кожобеков
«____» ___________ 2023-ж.

**Ош мамлекеттик университетинин тарых жана социалдык иштер факультетинин Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедрасынын 2023-жылдын 5-декабрында өткөрүлгөн кеңейтилген жыйынынын**

**№ 4 протоколу**

**Катышкандар:**

*Арстанов С.А. т.и.к. (07.00.02) декан, отурумдун төрагасы доцент, ОшМУ; Шаанов Т.М. т.и.к.(07.00.02) доцент, каф. башчы ОшМУ; Каратаев О.К.- т.и.д.,(07.00.02),(07.00.07) профессор КУУ, Капалбаев О.Э. т.и.д.,(07.00.07); Нурунбетов Б.А.- т.и.д., (07.00.02) профессор ОшМПУ; Абытов Б.К.-т.и.д., (07.00.02) профессор ОшМУ; Кадыров Т.Д. т.и.к.(07.00.02) профессор ОшМУ; Апышова А.К.- т.и.к. (07.00.02) доцент. ОшМУ; Султанова М.Ш. т.и.к., (07.00.02) доцент ОшМУ; Сатыбалдиева Ч.Т. - т.и.к., (07.00.07) доцент ОшМУ; Чыныкеева Г.Э. т.и.к., (07.00.07) доцент ОшМУ; Осмонова С.К. т.и.к., (07.00.07) доцент ОшМУ; Жаркынбаев Т.Ж. т.и.к., (07.00.02) доцент ОшМУ; Жумашова Г.С. т.и.к. (07.00.02) доцент ОшМУ; Мурзакметов Н.К. - т.и.к., (07.00.07) доцент ОшМУ; Тагайбекова А.А. улук окутуучу; Тилекова У.К. улук окутуучу; Салиева Э.А. окутуучу; Эсенали кызы А катчы.*

**Күн тартибинде:**

1. Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын **“Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалынын негизинде)”** деген темадагы 07.00.07 –этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясыннын кол жазмасын талкуулоо.

**Угулду:**

**Отурумдун төрагасы, декан, доцент С.А.Арстанов:** Саламатсыздарбы урматтуу кесиптештер Айтиева Гүлбурак Аскарбековнанын **“Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалынын негизинде)”** деген темадагы, 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты

окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы бир ай мурун таркатылып берилген. Ошондуктан диссертациянын кол жазмасы менен баарыңыздар тааныштыңыздар. **Илимий жетекчиси т.и.д., профессор О.К.Каратаев**.

Демек биздин кафедрадан таалкуудан өткөрүүгө толук мүмкүнчүлүк бар. Эми жыйындын регламентин да бекитип алсак. Изденүүчүгө билдирүү үчүн 10 минута, ал эми жарыш сөзгө 3 минута убакыт берсек кандай дейсиздер? Каршы, калыс жок. Рахмат. Анда алгачкы сөздү жыйынга катышып жаткан диссертанттын илимий жетекчиси т.и.д., профессор Олжобай Кубатбековичке берсек.

**О.К. Каратаев:** Саламатсыздарбы урматтуу коллегалар? Кандидаттык илимий даражага талапкер болгон диссертациялык иштин талкуусу болгон бул жакшы көрүнүш. Урматтуу коллегалар ар бириңиздер ой-пикирииздерди айтып, талкууга активдүү катышып берсеңиздер биз кубанычта болобуз. Илимде обьективдүү жана субьективдүү талаш бар ошон үчүн илимдеги талашка терикпеш керек. Кандай гана сунушуңуздар болсо баарын туура кабыл алабыз. Туруктуу оюбуздан кайтпайбыз жана бүткөн ишибизди сиздерге сунуш кылабыз. Рахмат!

**С.А. Арстанов:** Рахмат Олжобай Кубатбекович. Отурумду улантсак сөз бүгүн талкууга коюлуп жаткан теманын негизги мазмуну менен тааныштыруу үчүн диссертантта.

**Диссертант Айтиева Гүлбурак:** Саламатсыздарбы бүгүнкү отурумдун катышуучулары. Менин диссертациямдын темасы **“Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалынын негизинде).** Менин илимий ишим 3 баптан, 12 параграфтан турат. Кыргызстандын эгемендүү мамлекет болушу кыргыз элинин тарыхынын бир катар маселелеринин бүгүнкү күндүн талабына ылайык өз баасын алуусуна мүмкүнчүлүк түздү. Замандын өзгөрүүсүнө ылайык кыргыз коомчулугунда болуп көрбөгөндөй жаңылыктар кирди. Анын ичинен адамдын руханий байлыгы болуп эсептелинген диний ишенимдер же диний маданият жанданды. Арийне ушуга ылайык, эгемендүүлүк жылдарында мамлекеттибиздин тарыхын изилдеп жана окуп үйрөнүү багытында, республикалык жана эл аралык деңгээлде бир катар иш чаралар жүзөгө ашырылып келди. Бул өз кезегинде калкыбыздын рухий жан дүйнөсүн байытып, мамлекеттибиздин идеологиялык пайдубалынын бекемделишине жана дүйнөлүк коомчулукка кеңири таанылышына шарт түздү.

Совет дооруна чейин жана андан кийинки мезгилде терең изилденбей келген маселелердин бири Фергана өрөөнүндөгү (сыйынуучу) зыярат кылуучу ыйык жерлер болуп саналат. диссертациялык изилдөөбүздүн негизги предмети жана объектиси болгон

***зыярат*** түшүнүгүнө, анын илимий жактан чечмеленишине да токтоло кетүүнү ылайык көрдүм. Себеби, зыяратты эки түргө бөлүүгө болот: ***Чоң зыярат*** – ыйык Мекка шаарына зыярат жасоо жана ***кичи зыярат*** – жер-жерлерде жайгашкан **Сулайман-Тоо, Абшыр-Сай, Арсланбап, Манжылы-Ата, Камбар-Ата** ж.б.у.с. ыйык деп эсептелген жерлерге, мазарларга барып зыярат жасоолор бар десек жаңылышпаймын.

Башкача айтканда, темада ыйык жай, мазар, обоо түшүнүктөрү эмес, зыярат термини кездешет. Дал ушул жагдайды эске алып, Кыргызстандын туштүгүндө жашаган калктын турмушундагы зыяраттын ордун жана ролун жогоруда биз сөз кылган зыяраттын эки түрүн тең камтыбасак изилдөөбүз өз максатына толук жетпейт, зыярат жасоо жараяны толук кандуу ачылбайт деп эсептейбиз. Ошону менен бирге Кыргызстандын түштүгүндө жашаган калктын эле эмес, жалпы өлкөнүн калкынын зыярат жасоосуна тиешелүү маселе, же ыйык жайлар, мазарлар боюнча бүтүндөй бир көз караштa болуу үчүн жергиликтүү зыяратка мүнөздүү өзгөчөлүктордүн бири. Мазарларга сыйынуу, табынуу ырым-жырымдарынын (культунун) этникалык жактан өзгөчөлүгү, айырмачылыгы жергиликтүү элдердин каада-салттарынын, үрп-адаттарынын, зыярат жасоо (ажылыктын) жөрөлгөлөрүнүн, ырым-жырымын жасоосуна, ыйык жайлар институтунун функционалдык аткарган кызматына, ошондой эле алардын сырткы жасалгаларынан даана байкалат жана аталган себептерге көз каранды.

зыярат феноменин бир нече төмөнкү көйгөйлүү маселелердин алкагында кароо бир канча **төмөнкү милдеттерин** койгонмун:

- Изилденип жаткан проблеманын тарыхнаамасын жана булактык базасын аныктап ачып берүү;

-изилдөөнүн обьектиси, предмети жана методологиясын тактоо;

-Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан ыйык жайлардын классификациясын, баяны менен сүрөттөлүшүн изилдөө;

-ыйык жайларга зыярат кылуунун жана табынуунун келип чыгышын, “чоң зыярат” жана “кичи зыярат” түшүнүктөрүн чечмелөө;

-Түштүк Кыргызстанда жашаган элдердин мусулмандардын ыйык шаары – Меккага “чоң зыяратка” барышынын тарыхы жана азыркы кездеги абалын, көйгөйлөрүн этнографиялык талаа материалдарынын негизинде изилдөө;

- Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан ыйык жер, мазарлардын Совет бийлигинин жүргүзгөн атеисттик саясатынын мезгилиндеги абалын илимий жактан калыс иликтөө;

Ошону менен бирге этнографиялык илимий адабиятта аз изилденген зыяраттын өнүгүүсүнүн кайра куруу жана постсоветтик мезгилдериндеги абалына, аларга карата түштүк тарапта жашаган жергиликтүү калктын мамилесине өзгөчө көңүл бурулат;
-олуя, ыйык адамдардын бейиттерине, жаратылыш обьектилерине сыйынуу жана зыярат жасоо учурунда аткарылган каада-салттар жана жөрөлгөлөрдү изилдөө;
-аялдар катышкан жөрөлгөлөр жана алардын спецификалык өзгөчүлүктөрүн ачып берүү;
- суу булактарынын культун, тоо-таштарга, үңкүрлөргө ж.б. табынууларды кароо;
- зыярат жайларынын адамдардын диний кабылдоосунда жана ритуалдык практикадагы ордун аныктап көрсөтүү сыяктуу ж.б. маселелерди ар кайсы мүнөздөгү булактардын, илимий адабияттардын жана этнографиялык талаа изилдөөлөрүнүн негизинде изилдеп, маанисин ачып көрсөтүү милдеттери болуп эсептелет.

**Станционардык изилдөө объектилери катары** Сулайман Тоо(Ош шаары), Дул-Дул-Ат, Чил-Устун үңкүрлөрү(Араван району), Абшыр-Сай( Ноокат району), Сафид Булан, Шах-Фазыл (Ала Бука району) мазарлары, Котур-Булак (Араван району), Мазар-Булак (Өзгөн району) булактары кирет.

**Сөзгө чыккандар:**

**Нурунбетов Б.А. проф:** Бул тема боюнча илимий чөйрөдө биринчи каралып жатат. Чоң жана кичи кичи зыяратты бөлүп көрсөткөнү туура. Бирок бизде ислам динибиздеги түшүнүк боюнча сууга, тоого, булактарга сыйынуу туура келбейт. Бирок аны да түшүндүрүп кеткени жана илимий иште чагылдырып кеткени мага жакты. Ал эми атеисттик саясатты туу туткан Совет бийлиги өрөөндөгү мечиттерди, мазарларды жана башка диний мекемелерди толук талкалай алган эмес. Калктын динге ишенген массасы – өзбектер, кыргыздар жана тажиктер исламдын негизги ырым-жырымдарын (үйлөнүү, өлүк көмүү, аш берүү, эскерүү ж.б.) уланта беришкен. Ошондой эле советтик бийликтин репрессиялык таасирине ого бетер туруктуу болуп туруштук берген элдик (турмуштук) дин болгон, ал мусулманчылыкка чейинки диний ишенимдер, культтардын калдыктарынын спецификалык аралашмасы, мусулман ыйыктарына табынуу жана ошонун негизинде иштелип чыккан өзгөчө ырым-жырымдарды да айтууга болот. Изденүүчү зыярат кылуунун бүгүнкү күндөгү абалын түшүндүргөнгө аракет жасаган. Бирок иштин түзүлүшүн карап тең салмактуулукту эске алуу зарыл. Жалпысынан айтканда иш даяр. Ийгилик каалайм. Коргоого сунуштайм.

**Диссертант Г.А. Айтиева:** Рахмат агай, сунушуңузду эске аламын.

**Абытов Б.К. проф:** Теманын аталышы, актуалдуулугу шексиз. Материалдар көп бирок аны туура жайгаштыруу жагын колго алуу керек. экен. Диссертациялык кеңештин талабына ылайык жайгаштыруу зарыл. Диссертация I-бап теория, II-бап методология

болуш керек. Хронологиялык алкакты кароо керек. Актуалдуулугу 9 бет болуптур, бирок 1 жарым бет жетет. Тарыхнаамесин көбөйтүү керек. Киришүү бөлүгүн алганда эле тема ачылыш керек. Айгине изилдөөсү боюнча 3-бапта кайра эле берилип калган. Обоолордун сүрөттөрү номерлери менен киргизилиш жана тиркемелер тиркелиш керек. Мазарлардын локациясы берилиш керек. Сулайман Тоону сизге чейин изилдегендерди кошуңуз. Изилдөөнүн обьектисин жана ыкмаларын кеңейтүү керек. Баптардын беттерин санынын тең салмактуулугун эске алыш керек. Тарыхнаамеде материал кеңири жакшы изилденген. Жаңы талаптар боюнча улам улам өзгөрүү болуп жатат. Диссертациялык кеңеште дагы каралат. Жогорудагы сунуштарды эске алып сунуштасак болот.Мен ачык коргоого сунуштайм жана илимий ийгиликтерди каалайм.

**Диссертант Г.А. Айтиева:** Илимий изилдөө жүргүзүү мезгилинде кээ бир маалыматтар көп болгондуктан киргизүүгө туура келип калды. Ошого байланыштуу диссертациялык ишимдин көлөмү көп болуп калган. Ал эми Сулайман Тоону изилдөөдө Аманбаева Б.Э., Жолдошов Ч., Захарова А.Е., Култаева А., Сабирова В., Заднепровский Ю.В., Галицкий В. Я., Плоских В. М., В.В. Бартольд, А.Н. Бернштам ж.б окумуштуулар өз салымын кошушкан. Сунушуңузду эске аламын жана ыразычылыгымды билдирем.

**Сатылбадиева Ч. т.и.к., доцент** : Диссертация диссертабилдүү жана темасы актуалдуу. Киришүү бөлүгүндө эле иштин абалы белгилүү болот. Кээ бир терминдердин котормосун кыргызча түшүнүгүн бериш керек. Иштин актуалдуулугун кыскартуу керек. Изилдөө предмети жана обьектиси, методдору, булакттары камтылган бапта көрсөтүүнү киришүүдөн алып салуу керек. Изилдөөнүн милдеттин тактап, кыскартуу керек. Чынында диссертанттын жеке салымы чоң экен. Шейхтер боюнча маалыматтар көп болуп, чыракчылар боюнча маалымат азыраак болуп калыптыр. Түндүк регион боюнча маалыматтар көп берилген эмеңи деген суроо жаралууда. Илимий иштин хронологиялык алкагы өтө көп убакыт белгилениптир. I-бапта 14-55 бетте өтө көптүк кылат. Изилдөө структурада да көрсөтүлүшү керек. 59-60 беттер гана усулдарга арналган. Изилдөөңүздө мен изилдедим деген сөздү колдонуңуз. Зыярат түшүнүгүн ачып берүү керек. 3.3 бөлүгүндө Меккеге болгон зыярат маселесинде каржы маселесин киргизбей эле койсоңуз жакшы болот деп ойлойм. Бул сиздин милдеттиңизге кирбесе керек деп ойлойм. Илимий иште жаңылыктар өтө көп. Информаторлор менен сүрөттөрдү кошо киришүү зарыл. Илимий иш абдан жакшы. Сизге ийгилик каалаймын жана ачык коргоого сунуштайм.

**Диссертант Г.А. Айтиева :** Рахмат. Илимий ишимде зыярат түшүнүгү 2 баптын 2- бөлүмүнүндө кеңири маалымат берилген. Меккеге барууда каржы маселеси көпчүлүктү кызыктырганы үчүн тактоо иреттинде киргизип койгонмун. Бирок

сунушуңузду жетекчим менен кеңешип эске аламын. Изилдөө жүргүзүүдө түндүк өрөөнү менен түштүк өрөөнүндө жайгашканы ыйык жерлерди салыштыруу иреттинде изилдөө жүргүздүм. Сунунштарыңызды эске аламын.

**Кадыров Т. проф:** Диссертацияны окуп чыктым. Биз билбеген мазарлар да бар экендигин да билдик. Зыярат маселесин чоң жана кичине деп экиге бөлүпсүң, аны бөлбөй эле бир эле зыярат десең деле болот эле деп ойлойм. Себеби, зыярат кылууда адам чоң же кичине зыярат кылам деп бөлбөсө керек. Чын жүрөгүнөн зыярат кылыш керекго ойлоймун. Мазар же обоолордун аныктамасын жазып коюу керек. Ишиң абдан жакшы, жаңы материалдар камтылгандыктан диссертациялык ишинди даяр деп эсептөөгө болот. Кээ бир жерлерди кыскартып беттерин азайтсаң да болот. Кээ бир жердеги терминдерди чечмелеп кетүү керек. Бирок маалымат кеңири киргизилген. Сага ийгилик каалайм жана ачык коргоого сунуштайм.

**Диссертант Г.А. Айтиева :**Рахмат агай, сунушуңузду эске аламын. Диссертациялык изилдөөбүздүн негизги предмети жана объектиси ***зыярат*** түшүнүгү болгондуктан , анын илимий жактан чечмеленишине да токтоло кетүүнү ылайык көрдүм. Себеби, зыяратты эки түргө бөлүүгө болот: ***Чоң зыярат*** – ыйык Мекка шаарына зыярат жасоо ал эми ***кичи зыярат*** – жер-жерлерде жайгашкан Сулайман-Тоо, Абшыр-Сай, Арсланбап, Манжылы-Ата, Камбар-Ата ж.б.у.с. ыйык деп эсептелген жерлерге, мазарларга барып зыярат жасоолор эсептелет.

**Жаркынбаев т.ик. доцент:** Диссертациялык иштин темасы актуалдуу десек жаңылышпайбыз. Талаа материалдары кенен. Стилистикалык каталар кездешет. 7-12-беттеринде публицистикалык маалыматтар көп. Манихейство, христианство деген терминдерди кыргызча которсо болот деп ойлойм. Тарыхый булактарды, тарых нааме деп берилип калган. Жусуп Акматтын саймалуу таш жөнүндө киргизсең да жакшы болот. Мазарлар боюнча жакшы маалыматтар берилиптир. Ошолордун локациясын кошо берсеңиз жакшы болот беле? Кара Алмада “Үңкүр Таш “деген сыйынуучу жай бар, ошону кошуп койсоң да сонун болмок. Курманбек баатырдын күмбөзүн кошуу зарыл, аны бүгүнкү күнгө чейин үч муун көзөмөлгө алып кайтарып келет, бул менин жеке оюм. Негизинен иш жакшы жазылган. Ишинизге ийгилик каалоо менен бирге ачык коргоого сунуштайм.

**Диссертант Г.А. Айтиева :** Рахмат. Терминдер боюнча аныктамаларды бергенге аракет кылганмын, бирок диссертациялык иштин кээ бир жерлеринде терминге аныктама берилбей калган жерлери бар экен. Сунушуңузду эске аламын.

**Апышова А.К. т.и.к, доцент**: Илимий иш жакшы изилденген. 2-бөлүгүнө кеңири токтолгон. 3 жана 5- тематикасын бир аз өзгөртсө жакшы болмок. 12-бетте

изилденүүчүнүн жекече салымы дегенди биринчи жактын сөзү менен берсеңиз жакшы болот. Түштүктөгү зыярат кылуучу жайлары боюнча орус окумуштууларын дагы кошуу керек. Тарыхнаамеде шилтеме эле эмес ар бир адабиятка анализ жасаш керек. Ишиндин көлөмү чоң, иш жакшы изилдегени билинип турат. Ийгилик каалаймын жана ачык коргоого сунуштаймын.

**Диссертант Г.А. Айтиева :** Рахмат. Ыйык жерлерди изилдөөдө орус жана чет өлкө окумушутуулардын эмгектерин киргизгенмин. Сунушуңузду эске аламын.

**Султанова М.Ш. т.и.к. доцент:** Теманын актуалдуулугу шексиз. Структуралык түзүлүшү жагынан бүгүнкү күндөгү тарых илиминин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияга коюлуучу талаптарга жооп берет. Адабияттар көп жазууда иреттеш керек. Корутунду бар. Илимий жыйынтык илимий көз караш чыгарылган. Информаторлордун адрессин, улуттун, районун жашын кошуу керек. Кээ бир адабияттар сноскада бар, адабияттардын тизмесине кирбей калган. Стилистикалык жактан карап чыгуу керек. Түндүктөгү зыярат кылуучу жерлер көбүрөөк кирип калган. Ар бир ыйык жерлердин ритуалдарын киргизүү зарыл. Ар бир бөлүктө жыйынтык чыгарган. Материалдар көп, мазарлардын сүрөттөрүн тиркеме кылып коюш керек. Иш бышып жетилген. Илимий ишиңизге ийгилик. Ачык коргоого болот деген пикирдемин.

**Диссертант Г.А. Айтиева :** Рахмат эжеке. Ар бир зыярат кылуучу жерлердин өз ритуалдарына ээ. Алар иште кеңири берилген. Сунушуңузду эске аламын.

**Мурзакметов Н.К. т.и.к., доцент:** Диссертант белгилегендей Кыргызстандын түштүк аймагы зыярат кылчу жайларга абдан бай жана аларды тыюунун жалпы да, жекече да өзгөчөлүктөрү бар. Алардын баары тууралуу бир диссертациянын өлчөмүндө иликтөө мүмкүн да эмес. Изилдөөчү өз мүмкүнчүлүгүнө жараша тиешелүү адабияттардын дээрлик көпчүлүгү менен таанышып, аларды анализдөө менен гана чектелбей, жеке өзү да экспедицияларга чыгып, талаа материалдарын жыйнап, буга чейинки жарыяланган эмгектерде айтылбаган жаңы материалдарды илимий айлампага киргизүүгө далалат кылган. Изилдөөчүнүн мындай ишмердүүлүгүн тарых илимине кошкон салымы катары бааласак болот. Андан сырткары биринчи бөлүмдө автор Махмуд Кашгаринин "Диван Лугат ат-Түрк" сөздүгүндө кездешкен теңри кулу Кулбак аттуу кереметтүү жай тууралуу маалыматты киргизип койсо, диссертациялык иштин баалуулугун арттырары шексиз.

Экинчи бөлүмдө автордун зыярат жайлардын экономикалык жана маданий жактан өзгөрүүгө учурап, туристтик жайларга айланып жатышын позитивдүү көрүнүш катары карап, бирок айрым учурда мазарларды оңдоп түзөөдө заманбап дизайн, курулуш каражаттары колдонулушу зыяратчылардын жана жергиликтүү элде эки ача пикирди

жаратып жаткандыгын, ыйык жай жана туристтик объекттин ортосунда тең салмактуулуктун сакталышы, ыйыктыкты бузган көрүнүштөрдөн оолак болуу сунушун эң актуалдуу деп баса белгилегибиз келет.

Диссертациянын үчүнчү бөлүмүндө автор аябай бай талаа материалдарынын мисалында Фергана өрөөнүндөгү зыярат кылынган жайлар тууралуу маалымат берет. Бул маалыматтардын айрымдары илимий айлампага жаңы киргизилген маалымат болушу диссертациянын баалуулугун арттырат. Бул бөлүмдө автордун көз караштарына кошулуу менен бир нерсени сунуштагыбыз келет. Изилдөөдө автор негизинен кыргыздардын исламга чейинки диний ишенимдерине басым жасагандай сезилет (тоо-таштарга, үңкүрлөргө сыйынуу) ж.б.у.с. Бул көз карашты Орто Азияда кеңири чайылган сопучулук агымынын көз караштары менен каралса дагы да терең маалыматтарды таап чыгууга мүмкүндүгүн айткыбыз келет. Автордун чоң жетишкендиктеринен болуп анын тарыхый, этнографиялык, архивдик жана зыяратка келгендер менен тыгыз иштешип, талаа материалдарынын негизинде Фергана өрөөнүндөгү зыяратчылыктын ордун жана маанисин мыкты ачып бере алгандыгында. Албетте, диссертацияда кемчиликтер да жок эмес. Бирок, бул кемчиликтер техникалык гана мүнөздө болгондуктан аларды оңдоо жеңил. Жалпысынан диссертация жакшы деңгээлде жазылган жана коргоого сунушталат.

**Диссертант Г.А. Айтиева :** Рахмат агай. Сунушуңузду эске аламын.

**Чыныкеева Г.Э. т.и.к., доцент:**Бул илимий эмгек мен билгенден ыйык жайлардын тарыхын изилдөөгө алган кыргыз тарыхында алгачкы илимий эмгек болуп саналат. Изденүүчү илимий ишке өтө чоң жоопкерчилик менен мамиле жасаган. Сүрөттөрдү тиркеме катары номерлери менен киргизүүнү сунуштамакчымын. Маалыматтар кеңири берилген. Ийгилик каалоо менен бирге ачык коргоого сунуштаймын.

**Диссертант Г.А. Айтиева :** Рахмат. Сунушуңузду эске аламын.

**Осмонова С.К. т.и.к доцент.:** Талаа материалдары көптүгү менен өтө баалуу. Ыйык жерлердин классификациясы түзүлсө жакшы болот. Мазарларга баруудагы ритуалдарды эске алуусу керек. Зыярат кылуучу жайлардын сүрөттөрү киргизүү зарыл деп ойлоймун. Тема жакшы жазылган, актуалдуугу шексиз. Ачык коргоого сунуштайм. Ийгилик каалаймын.

**Диссертант Г.А. Айтиева :** Рахмат. Ыйык жерлердин классификациясы кеңири берилген. Мисалы: белгилүү чыгышпоз, арабист окумуштуу **А.К. Муминов ыйык жерлердин бир нече классификациясын иштеп чыккан.** Ал 1996-жылы Борбор Азиядагы мусулмандардын ыйык жерлеринин генезисине арналган алгачкы аналитикалык эмгегинде өзүнүн **классификациясын сунуш** кылган.

Анын пикири боюнча эл арасында абдан жакшы белгилүү **(популярдуу)** жана атагы боюнча биринчиси, (сыйынуучу)зыярат кылуучу жайлардын **үч тобун камтыйт:**
-Орто Азияга белгилүү; - бир аймакта же аймакта белгилүү; - бир гана чектелген аймакта белгилүү.

**Ошондой эле ыйык жер, мазарларды морфологиялык белгилери боюнча классификациялоо аракетин жасаган.**

- **Биринчи топту** бир гана ыйык жерден (суу булагы, дарак, кызык формадагы аска ж.б.) турган бир компоненттүү культ объектилери түзөт.
-**Экинчи топко** эки бөлүктөн турган обөектилер кирет – ыйык адамдын элестүү же чыныгы мүрзөсү бар ыйык жер.
- **Үчүнчү топ мүрзө** ташынын үстүнө курулган күмбөз менен ыйык жерди чагылдырган бир катар татаал объекттерди камтыйт.
-**Тортүнчү топ** – ханакасы бар ыйык жер.
-**Бешинчиси** – күмбөзү жана көрүстөнү бар ыйык жер,
-**Алтынчысы** – күмбөзү жана мечити бар ыйык жер,
-**Жетинчи** – күмбөз, мечит, медресе жана аларды күтүүгө бөлүнгөн вакфы бар ыйык жер.

Этнограф **О.В. Горшунова ыйык жерлерди классификациялоо** боюнча өзүнүн вариантын сунуштаган.

**Биринчи топко мүрзосү,** ар кандай типтеги мазар (көрүстөн) деп аталган ыйык жерлер кирет. **Экинчи топту мүрзөсү жок** белгилөө үчүн «ыйык жер» деген маанидеги авлиё (олуя) термини колдонулган мазарлар түзөт. **Үчүнчү топ Кадамжай деп аталат** жана олуя өзүнүн «изин» калтырган таң калыштуу жана адаттан тыш формадагы жаратылыш объекттери менен берилген. Ыйык жерлердин төртүнчү тобу - азизжой (негедир «жагымдуу жер» деп которулган) ага бак-дарак, булак, көл ж.б.у.с. бар жаратылыштын кооз аймактары кирет, бул топту окумуштуу улуу же "катта-мазар" деген ат берип мындай мазарларга Ош шаарындагы Тахт-и Сулейман жана Шахимарданды (Фергана облусунун Хамзаабад айылында жайгашкан) ошондой эле облусттук, райондук, айылдык жана кварталдык маанидеги ыйык жерлерди кошкон.

**Айтбаев Т.А. улук окутуучу :** Негизинен тема актуалдуу. Талаа материалдары кенен. Менин сунушум информатолордун уурусун, жашын, жерин кошо жазуу керек. Этнографиялык чечмелөөнү дагы да кошсо жакшы болот. Иш сонун ийгилик каалаймын. Ачык коргоого сунуштайын.

**Диссертант Г.А. Айтиева :** Рахмат. Информаторлордун урууcун, жашы, жашаган аймагын жазуу жагы каралган. Сунушуңузду эске аламын.

Анын пикири боюнча эл арасында абдан жакшы белгилүү **(популярдуу)** жана атагы боюнча биринчиси, (сыйынуучу)зыярат кылуучу жайлардын **үч тобун камтыйт:**
-Орто Азияга белгилүү; - бир аймакта же аймакта белгилүү; - бир гана чектелген аймакта белгилүү.

**Ошондой эле ыйык жер, мазарларды морфологиялык белгилери боюнча классификацнялоо аракетин жасаган.**

- **Биринчи топту** бир гана ыйык жерден (суу булагы, дарак, кызык формадагы аска ж.б.) турган бир компоненттүү культ объектилери түзөт.

-**Экинчи топко** эки бөлүктөн турган обөектилер кирет – ыйык адамдын элестүү же чыныгы мүрзөсү бар ыйык жер.

- **Үчүнчү топ мүрзө** ташынын үстүнө курулган күмбөз менен ыйык жерди чагылдырган бир катар татаал объекттерди камтыйт.

-**Тортүнчү топ** – ханакасы бар ыйык жер.

-**Бешинчиси** – күмбөзү жана көрүстөнү бар ыйык жер,

-**Алтынчысы** – күмбөзү жана мечити бар ыйык жер.

-**Жетинчи** – күмбөз, мечит, медресе жана аларды күтүүгө бөлүнгөн вакфы бар ыйык жер.

Этнограф **О.В. Горшунова ыйык жерлерди классификациялоо** боюнча өзүнүн вариантын сунуштаган.

**Биринчи топко мүрзөсү,** ар кандай типтеги мазар (көрүстөн) деп аталган ыйык жерлер кирет. **Экинчи топту мүрзөсү жок** белгилөө үчүн «ыйык жер» деген маанидеги авлиё (олуя) термини колдонулган мазарлар түзөт. **Үчүнчү топ Кадамжай деп аталат** жана олуя өзүнүн «изин» калтырган таң калыштуу жана адаттан тыш формадагы жаратылыш объекттери менен берилген. Ыйык жерлердин төртүнчү тобу - азизжой (негедир «жагымдуу жер» деп которулган) ага бак-дарак, булак, көл ж.б.у.с. бар жаратылыштын кооз аймактары кирет, бул топту окумуштуу улуу же “катта-мазар” деген ат берип мындай мазарларга Ош шаарындагы Тахт-и Сулейман жана Шахимарданды (Фергана облусунун Хамзаабад айылында жайгашкан) ошондой эле облусттук, райондук, айылдык жана кварталдык маанидеги ыйык жерлерди кошкон.

**Айтбаев Т.А. улук окутуучу :** Негизинен тема актуалдуу. Талаа материалдары кенен. Менин сунушум информатолордун уурусун, жашын, жерин кошо жазуу керек. Этнографиялык чечмелөөнү дагы да кошсо жакшы болот. Иш сонун ийгилик каалаймын. Ачык коргоого сунуштайын.

**Диссертант Г.А. Айтиева :** Рахмат. Информаторлордун уруусун, жашы, жашаган аймагын жазуу жагы каралган. Сунушуңузду эске аламын.

**Арстанов С.А.** : Урматтуу талкуунун катышуучулары, диссертация менен таанышып чыккан бардык окумуштуулар өз пикирлерин билдиришти. Талкуу учурунда айтылган көпчүлүк пикирлер диссертациянын кол жазмасын коргоого сунуштоо боюнча болду.

Ошондуктан Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын "**Фергана ороонунун калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалынын негизинде)**" деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасын коргоого сунуштоону колго саламын.

**Добуш берүүнүн жыйынтыгы: «макул» - бир добуштан, «каршы» - жок, «калыс» - жок.**

Ош Мамлекеттик Университетинин "Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология" кафедрасынын 2023-жылдын 5-декабрында өткөрүлгөн (протокол №4) отурумунда Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын "**Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалынын негизинде)**" аталышындагы кандидаттык диссертациясынын кол жазмасын, аткарылган диссертациялык иши боюнча билдирүүнү угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ кабыл алат:**

1. Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын "**Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген өрду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалынын негизинде)**" деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын ЖАКнын талаптарына жооп берет.
2. Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын "**Фергана ороонунун калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалынын негизинде)**" деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясы иши боюнча кафедранын корутундусу бекитисин.

3. **Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалынын негизинде)**" деген темадагы

07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча кандидаттык сынактын кошумча программасы бекитилсин.

4. Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын "**Фергана өрөөнүнүн калкынын турмушундагы зыяратчылыктын ээлеген орду жана ролу (Кыргызстандын түштүгүнүн материалынын негизинде)**" деген темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д. 07.23.674 диссертациялык кеңешинин жыйынында ачык коргоого сунушталат.

**Жыйындын төрагасы,**

**т.и.к., доцент** **Арстанов С.А.**

**Катчы:** **Эсенали кызы А.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
2023 ж. «05» 12
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.

«БЕКИТЕМИН»
Ош мамлекеттик университетинин
илимий иштер боюнча проректору,
ф.м.и.к., доцент Р. Н. Арапбаев
«____» ____________ 2024-ж.

**Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча кошумча кандидаттык экзамендин**

**Программасы**

**Кошумча программанын мазмуну**

Кыргызстан түштүгүндөгү жайгашкан калктар, анын ичинен кыргыздар зыярат кылуучу жерлер, үңкүрлөр, тоолордо тоо этектеринде, жол боюнда жайгашкан таза булактар, шаркыратмалар, мазарлар, адам оңой менен жете албаган үңкүрлөр шактуу дарактар эсептелинет: алар көчмөн жана жарым көчмөн кыргыздардын көчүү жолунда ыңайлуу жерге орун алышкан жана аларга эс алуусу элдин малдын суусун кандырган, эс алууга ылайыктуу аз жерлер арбын. Адамдар жаратылышты бир бүтүн нерсе катары кабыл алышкан, жандуу жана рухий жагынан тирүүдөй мамиле кылуу салттуу дүйнө таанымдын негизги белгилеринин бири болуп саналат. Кыргыздын салттуу аң-сезими өзүн табиятка каршы койбогондугу менен айырмалангандыгы белгилүү. Кыргыздар табияттан ажырап алыстап кетүү жөнүндө эч качан ойлонушкан эмес, бүткүл жашоосун курчап турган чөйрөдөн бөлүп кароо, элестетүү мүмкүн эмес болгон.

Мазар, ыйык жерлердеги ырым-жырым жасоодогу жөрөлгөлөр, ырым-жырымдарды, жол-жоболор иликтөөлөр көрсөткөндөй, көзү өткөн туугандардын арбактарын урматтоо кыргыздардагы зыярат жасоонун негизги белгилеринин бири болуп саналат, ал эми зыярат аркылуу сыйынууга ишенгендердин басымдуу көпчүлүгү үчүн зыярат биринчи кезекте арбактар менен байланыш түзүү ошондой эле каза болгон ата-бабалардын арбактарына ишенген калктын кеңири массасы түзгөн. Зыярат кылуу маселеси универсалдуу маселе экендиги жана кеңири машстабда жайылганын чечүү менен шартталат.

**Кандидаттык экзамендин кошумча программасынын суроолорунун тизмеси:**

1. Кыргызстандын түштүк аймагында жайгашкан ыйык жайларды тарыхый-этнографиялык өңүттөн классификациялоо.
2. Фергана өрөөнүндө (Кыргызстандын территориясындагы эстеликтер) жана ага чектеш жайгашкан чөлкөмдөрдөгү зыярат жасоочу жайлардын тарыхый-этнографиялык жана археологиялык эстеликтер катары илимий маанилерин ачып берүү.
3.Ыйык жайларга зыярат жасоонун жана табынуунун келип чыгышын, “чоң зыярат” жана “кичи зыярат” түшүнүктөрүн чечмелениши.
4.Салттуу ислам жана табынуучу жайлардын ортосундагы жалпылыктар менен карама-каршылыктарды ачып берүү.
5.Республикадагы диний дискурстун маселелерин жана өзгөчөлүктөрүн мазарлардын негизинде этно-теологиялык жактан талдоо.
6. Табынуучу ыйык жер, мазарлардын Совет бийлигинин доорунда жүргүзүлгөн атеисттик саясатынын соңунан кийинки абалына баа берилиши.
7.Кыргызстандын этномаданий мейкиндигинде зыяраттын функционалдык жүгүн аныкто.
8. Этнографиялык илимий адабияттарда көңүл бурулбаган зыяраттын өнүгүүсүнүн кайра куруу жана постсоветтик мезгилдериндеги абалына, жергиликтүү калктын жасаган мамилесине анализ жасоо.
9.Олуя (көзү ачык), ыйык деп кабыл алынган адамдардын бейиттерине, жаратылыш обьектилерине сыйынуу жана зыярат жасоо жүрүмүндө аткарылган каада-салттар жана жөрөлгөлөрдү изилдөө.

10.Аялдар катышкан жөрөлгөлөр жана алардын өзгөчүлүктөрүн ачып берүү.
12.Зыярат жасоочу жайлардын адамдардын диний кабылдоосунда жана ритуалдык практикадагы ролун аныктоо.
13.Исламдын идеяларынын чабуулу мазарларга зыярат жасап сыйынууну тынымсыз жаңылануусу жана анын коомчулукка тийгизген таасирин изилдөө.
14. Кыргызстандын руханий турмушундагы "элдик, турмуштук" ислам дини менен байланышын аныктоо.
15. Ыйык жер, мазарларга зыярат кылган басымдуу бөлүгү болгон кыз-келин, аялдардын орду.
16.Аял –бакшылардын функциялары.
17. Кыргыздардын диний ишенимдердеги Умай эне ж.б. архаикалык культтардын, ззороастризм жана монотейистик дин- ислам менен трансформация болуусу.
18. Суунун (булактардын) культун, тоо-таштарга (обоо таштар), үңкүрлөргө ж.б. табынууларды изилдөө.
19.Ыйык жайларынын адамдардын диний кабылдоосунда жана ритуалдык практикадагы ордун аныктап көрсөтүү милдеттери кароо.
20. Мазар, ыйык жерлердеги ырым-жырым жасоодогу жөрөлгөлөрдүн өзгөчөлүктөрү.
21. Мазарлардын жана ыйык жайлардын классификациясы

**Адабияттардын тизмеси:**


1. Аманбаева, Б. Кыргызский шаманизм: традиция и современность [Текст] / Б.Аманбаева // Материалы науч.-практ. конф. «Музей новой формации: традиции и новации», М-89 (11–12 дек. 2003 г.). – Бишкек, 2003. – С. 42 – 43.
2. Абашин С.Н. Бурхан ад-дин Кылыч; Сафид-Булан[Текст]/Ислам на территории бывшей Российской империи. Энциклопедический словарь. Вып.3.-М., 2001.С.24-25; 8
3. Абашин С.Н., Огудин В.Л. Трон-Сулеймана – среднеазиатская святыня[Текст]//Наследие материальной и духовной культуры Кыргызстана.-Б.,2005.
4. Абдылдаев, М.К. Из истории религии и атеизма в Кыргызстане [Текст] / М.К. Абдылдаев. – Бишкек: Илим, 1991. – 128 с.
5. Баялиева Т. Дж. Религиозные пережитки у киргизов и их преодоление. Фрунзе, [Текст]/ 1981. С. 86.
6. Байбосунов А. Донаучные представления киргизов о природе[Текст]/ Ф.,1990. -58 б.
7. Горшунова О.В. Места поклонения Ферганы как объект научного исследования [Текст]/ Этнографическое обозрение. 2002. № 1.
8. Горшунова О.В., С.А. Пешкова. Фертильность и сакральное женское начало в среднеазиатских целительских и ритуальных практиках[Текст]/ Медицинская антропология и биоэтика. Научный, образовательный, научно-популярный журнал. Вып.5.2014.23 июня.
9. Петраш Ю Г. Материалы о пережитках доисламских культов на юге Киргизии // Философские проблемы атеизма[Текст]/ М : АН СССР, 1963. - С. 260-261.
10. Святые места севера Кыргызстана: природа, человек, духовность[Текст]/ Б., 2015.-157
11. Снесарев Г. П. Хорезмские легенды как источник по истории религиозных культов Средней Азии[Текст]/ М., 1983.
12. Святые места Юга Кыргызстана: Природа, Манас, Ислам/Культурно-исследовательский центр Айгине [Текст]/ Б., 2013.
13. Огудин В. Л. Природные места поклонения в религиозных представлениях современного населения Ферганы[Текст]/ Автореферат диссертации доктора исторических наук.-М., 2003.


**Кыргызстан тарыхы жана археология,**

**этнология кафедрасынын**

**башчысы, т.и.к, доцент** **Т. М. Шаанов**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

ОшМУ Тастыктаймын 2024 ж. «18» 04 Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.

Айтиева Гулбурак Аскарбековнанын талкуусуна катышкан окутуучулардын тизмеси:

| № | Аты-жөнү | Кызматы | Колу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Кадыров Т.Д | профессор | | |
| 2 | Апсеитова А.Т. | доцент, зав.каф. | | |
| 3. | Арстанов С. | декан, доцент | | |
| 4. | Султанова М. | доцент каф. Ист.Кырг. | | |
| 5. | Сатыбалдиева Г | доцент. | | |
| 6. | Айтбаев Т.А | ст. преп. | | |
| 7. | Абытов Б.К. | профессор | | |
| 8. | Жаркынбаев Т.Н | доц. каф. | | |
| 9. | Сыныкеева Ф. | доцент | | |
| 10. | Абдымиталип у. Н | окутуучу | | |
| 11. | Саниева З. | окутуучу | | |
| 12. | Тилекман у | ага окутуучу | | |
| 13. | Шамов Т.М | каф. башчы доцент | | |
| 14. | Осмонова С.К | доцент | | |
| 15. | Жумашова А | доцент | | |
| 16. | Тагайбекова А. | ул. окут. | | |
| 17. | Нурудинов Б | профессор | | |
| 18 | Эсенгул к. А. | окутуучу | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |